***ЭКОНОМИКА ИЛИМДЕРИ***
***ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***ECONOMIC SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2022.56.74.007***

***Бекбоева М.А., Дуйшембиев М.Т., Сатыбалдиева С.Э.***

# АЙЫЛ ТУРИЗМИН ӨНУКТҮРҮҮНҮН ДҮЙНӨЛҮК ПРАКТИКАСЫ

***Бекбоева М.А., Дуйшембиев М.Т., Сатыбалдиева С.Э.***

# МИРОВАЯ ПРАКТИКА РАЗВИТИЯ СЕЛЬСКОГО ТУРИЗМА

***M. Bekboeva, M. Duishembiev, S. Satybaldieva***

# WORLD PRACTICE OF RURAL TOURISM DEVELOPMENT

*УДК: 338.48 (575.2)*

*Макалада айыл чарба туризминин маанилүүлүгү тууралында сөз болот. Айыл чарба туризми Европа өлкөлөрүндө кеңири өнүккөн. Андыктан анын калыптануу тарыхын изилдөө Кыргызстандын региондорун өнүктүрүүгө чоң жардамын тийгизет. Бул жерде маанилүү фактор болуп биздин өлкөдө айылдардын саны басымдуулук кылат. Ошону менен бирге калктын басымдуу бөлүгү да айылдарда жашашат. Европа өлкөлөрүндө айыл туризминин өнүгүүсүнүн бир нече себептерин жана моделдерин ишке ашыруунун практикалык тажрыйбасы, атайын агротуризм объекттеринин түрлөрү катары – «улуттук айылдар», «мергенчи-балыкчылар үйү», «маданий борборлор», «агропарктар», кемпингдер ж.б. у.с. туристтерди жайгаштыруу иштери колго алынган.*

***Негизги сөздөр:*** *дүйнөлүк практика, айыл туризми, айыл туризминин моделдери, жайгаштыруу объектилери, агротуристтик объекттер.*

*В статье говорится о значении агротуризма. Агротуризм широко развит в Европейских странах. Поэтому изучение истории его формирования во многом поможет развитию регионов Кыргызстана. Важным фактором здесь является количество деревень в нашей стране. При этом большая часть населения проживает в селах. Практический опыт реализации ряда причин и моделей развития сельского туризма в странах Европы, как видов специальных объектов агротуризма - «национальные деревни», «дом охотника-рыбаков», «культурные центры», «агропарки», кемпинги и в других осуществлено размещение туристов.*

***Ключевые слова:*** *мировая практика, сельский туризм, модели сельского туризма, средства размещения, объекты агротуризма.*

*The article talks about the importance of developing rural tourism. Rural tourism is most developed in European countries, so studying the history of its formation can be of great help in promoting it in Kyrgyzstan and its regions. An important factor here is also the fact that in our country the number of rural villages prevails, most of the population lives in villages. The article also reveals the reasons for the development of rural tourism in European countries, practical experience in the implementation of several models of rural tourism, types of special agro-tourism facilities - means of accommodating tourists such as «national villages», «hunter / fisherman's houses», «cultural centers», «agricultural parks, «campsites, etc. performing the function of rural hotels.*

***Key words:*** *world practice, rural tourism, rural tourism models, accommodation facilities, agro-tourism facilities.*

Туристтик чөйрөнүн практикасында айылдык туризм дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүндө маанилүү орунду ээлейт. Себеби бул өлкөлөрдүн туризми өкмөт тарабынан колдоого алынган кирешелүү жана динамикалуу өнүгүп жаткан аймак катары эсептелинет.

Ар кайсы өлкөлөрдөн келген туристтер үчүн айыл жеринде эс алуу пляждык туризмге караганда дайыма өзгөрбөгөн жана талапка жооп бермекчи.

Массалык башка туризмдин түрлөрүнө салыштырмалуу айылдык туризм белгилүү бир кошумча конкреттүү максаттарга жана милдеттерге жетишүүгө мүмкүндүк берип, айыл чарба туризминин продуктусун кардар үчүн өзгөчө жагымдуу кылат.

Бул маданий-агартуу жайлардын максаттары жана милдеттери – айлана-чөйрөгө чөмүлүү жолу менен тигил же бул аймактын күнүмдүк маданияты жана салттары менен таанышуу; социалдык-психологиялык, психологиялык жана эмоционалдык канагаттануу, табиятка, тынч чөйрөгө жакын болуу аркылуу стресстен арылуу; өнүктүрүү - жаңы иш-аракеттерди өздөштүрүү жана ар тараптуу көндүмдөрдү өркүндөтүү (жайкысын: ат минүү, чөп чабуу, кайыкта сүзүү, аңчылык, балык уулоо, түшүм жыйноо жана даярдоо; кышкысын болсо: токой берекеси, лыжа, чана, карда жүрүүчү каражаттар менен сейилдөө ж.б); таза абада, физикалык жактан активдүү болуп, экологиялык жактан таза тамак-аштар менен ден соолуктуу чыңдоо сыяктуу ж.б. мүмкүнчүлүктөр арбын.

Мындан тышкары, айылдык туризмдин өзгөчөлүгү кардарларга жекече мамиле кылуу принцибин ишке ашырууну жеңилдетет – туристтердин белгилүү бир тобуна (курагы, кесиптик, социалдык, бир үй-бүлө ж.б.) жекече көңүл буруу ишин көзөмөлдөй алат [3].

Бизнес катары элеттик туризм бизнестин башка түрлөрүнө салыштырмалуу бир катар атаандаштык артыкчылыктарга ээ. Ал туристтик кызмат көрсөтүүлөрдү жекелештирүүнүн глобалдык тенденциясына ылайык келет: жеке суроо-талаптарды канааттандыруу, туристтик продуктуну калыптандырууга ийкемдүү жана комплекстүү мамиле, кардардын каалоосуна, климаттык факторлорго жана башкаларга жараша болуу программасынын ишмердүүлүгүн өзгөртүүгө ийкемдүү [2].

Айылдык туризмди өнүктүрүү жаатында Европа өлкөлөрүн атоого болот. Кээ бирөөлөр Австрияны анын мекени деп эсептешет. Бирок көпчүлүк учурда экономикалык ишмердүүлүктүн бул түрү 1950-1970-жылдары Франция менен Италияда пайда болгон деген пикирге кошулат. Жыл сайын француз кыштактарында 7 миллиондон ашык адам эс алышат. Ар бир айылдык тур улуттук жашыл эс алуу уюму тарабынан тастыкталган [4].

Айылдык туризм конкреттүү туристтик продукт катары Батыш Европадан келип чыкканы бекеринен эмес. Европалыктарга айыл жеринде эгин өстүрүп, мал багып гана эмес, акча табууга болоорун көрсөтүш керек болчу. Мисалы, Италияда «гүлдөгөн» мезгилде (пасхалык майрамдарда) 1000 туристтик чарба 300000 ге чейин эс алуучуларды кабыл алышкан. Август айынын «жогорку сезонунда» агротуризм борборлорунда 600 миңден ашык турист эс алган. Бул жерде агротуризм бизнесин уюштуруунун көлөмүн жана деңгээлин анын динамикалуу өсүп жаткан заманбап туризм индустриясынын секторунун бизнеси катары кароого мүмкүндүк берери айкын көрүнүп турат. Шри-Ланкада океан жээгинен алыс жайгашкан айылда, аралдын борбордук тоолуу бөлүгүндө туризм индустриясы азыр «VIP айыл» деп атаган «маданий борбор» бар: заманбап туристтик ар тараптуу кызмат көрсөтүүнү сунуш кылат. Анда салттуу турак жай стилинде каралып, бирок бардык заманбап ыңгайлуулуктар менен жабдылган; кондиционер, бунгало, тейлөө жана 5 жылдыздуу мейманкананын деңгээлинде тамак-аш менен жабдылган туристтик кызматтардын толук пакети менен камсыздалган. Бай жана маданий оюн-зоок программасын, ашкананын бардыгын тейлөө кызматтары улуттук каада-салттын стилинде сакталган. Ошону менен бирге туристке «жапайы жаратылыш менен байланыш», айылдык кол өнөрчүлүктөр, салттуу турмуштун элементтерин улуттук маданият менен тааныштыруу камсыздалат. Ал эми бул форматты айылдык туризм катары да кароого болот. Малайзияда айыл туризминин концепциясы биринчи кезекте агропарктарды түзүүгө багытталган. Алар негизинен улуттук айыл чарбасын өнүктүрүүчү жана туризмден киреше алып келүүчү мамлекеттик уюмдар. Дүйнөдөгү биринчи Мамлекеттик Малайзия агропаркы (аянты 1295 га) 1986-жылы Айыл чарба министрлигинин демилгеси менен туруктуу көргөзмө жана туристтик борбор, ошондой эле аны өнүктүрүү, Малайзиянын айыл чарбасын жайылтуу максатында илимий-изилдөө борбору катары негизделген. Аталган борбордо айыл чарба тармагынын ар кандай багыттары көрсөтүлгөн. Мындай парктар мамлекетке же жергиликтүү фермердик ассоциацияларга таандык болуп, учурда өлкөнүн бардык аймактарында жайылтылган. Туристтерге салттуу турак жайларда («пондок»), жыш токойлор же плантациялар менен курчалган чатырлар же мейманканаларда жайгаштыруу, улуттук тамак-аштар сунушталып, айыл чарба иш-чараларына жана (ат жана пони минүү, кайыкта сүзүү, коштоочу, балык уулоо ж.б.) көңүл ачууга болот. Агрардык парктар менен катар туристтер ири (1,5000га чейин) сүт-товар фермаларына жана тарыхый (XIX кылымдын башы) айылдарга барышат. Айыл чарба иштери Германиянын батыш жана түштүк аймактарында абдан популярдуу. Туристтер Түндүк Рейн, Вестафалия, Бавария жана Баденге келгенди жакшы көрүшөт [3;4].

Чет өлкөлүк Европанын башка өлкөлөрүндөгүдөй эле Германияда да айыл туризминин өнүгүшүнүн себептеринин бири айыл чарба өндүрүшүнүн кризиси болгон. Маселен, Баварияда келген бир фермер туристтерди кабыл алуу үчүн өзүнүн чарбасына кайрадан багыт алган. Ал суу тегирменин, экзотикалык кафени кайра курду жана сарайга абдан байыркы айыл чарба шаймандарынын бай коллекциясын чогултуп, акыры көлмө курган. Жергиликтүү флора жана фауналарга баш калкалоочу жай курду. Ошентип көп өтпөй бул чарба туристтерге сыртта эс алуу жана экологиялык таза жана органикалык продуктуларды үнөмдүү сунуш кылган гүлдөгөн агротуристтик экономикага айланды. Германияда айыл туризми «элетти туруктуу өнүктүрүү» деп аталган концепциянын алкагында каралып, Айыл чарба министрлиги тарабынан көзөмөлдөнөт. Бул жерде айылдык туризм концепциясы чоң социалдык-маданий жүктү аркалайт. Айылдын салттуу көрүнүшүнтөрү болгон «айыл философиясын», кол өнөрчүлүктү сактоо жана жайылтуу болуп эсептелет. Бирок ошол эле учурда жогоруда айтылган экономикалык аспектилерди жокко чыгарбайт. Ар бир өлкөдө турак жайдын айрым түрлөрүнө артыкчылык берилет. Испанияга жылына 6 миллион адам келген өлкө. Бул жерде саякатчылар 25 000 турдун арасынан тандай алышат. Мисалы, Испанияда туристтерди жайгаштыруунун варианттары кеңири каралган. Чарбаларда жана менчик (ижарага өзүнчө бөлмөлөр), айылдык мейманканаларда, өзүнчө жеке үйлөрдө, тарыхый имараттарды (сепилдер, монастырлар) колдонуу практикаланган. [3].

Италия өлкөсү айылдык туризм тармагындагы сапат стандарттары өзгөчө кылдаттык менен сакталганы аркылуу белгилүү. Чарбалардын жетекчилери жана кызматкерлери үчүн өз чарбасында меймандарды кабыл алууну үйрөтүүгө багытталган милдеттүү курстар өткөрүлүп турат. Саякатчылар арасында эң популярдуу италиялык провинциялар болуп Трентино, Түштүк Тирол, Пьемонт жана Тоскана эсептелинет. Италиядагы айыл чарба ишканаларында негизинен батирлерди (бир нече бөлмөлөрдү, өзүнчө кире бериш бөлмөнү, даараткананы, ашкананы) камтыган турак жайды сунуштаашат. Мындан тышкары, «Спорт» агротуризм программасы аркылуу айыл жериндеги адистештирилген спорт объектилериндеги мейманканаларда (кемпингдерге) жайгашууну камтыйт. Бул дагы өлкөдө агротуризм секторуна кирет. Ал эми тескерисинче «Салттуу гастрономия» программасы аймакка жараша продуктунун белгилүү бир түрүнө - шарап, зайтун майы, балык, деңиз азыктары ж.б. боюнча адистешкен чарбаларда жайгашууну камтыйт.

Ошентип, айылдык эс алуунун мотивациясы – жаратылыш менен биримдик, таза аба, органикалык тамак-аш, пейзаждын өзгөрүшү, белгилүү сандагы адамдар, же элдин аздыгы, жашоонун тартибин жана маданиятын, айыл чарба иштерине жана багбанчылыкка катышуу мүмкүнчүлүгү болот. Жаныбарларга кам көрүү, жаратылыштын берекесин чогултууга катышуу (жемиштер жана козу карындар) жана албетте, эс алуунун арзандыгы менен өзгөчөлөнөт. Мындай пейзаждын түп тамырынан бери өзгөрүшү, шаардын чыңалуу шартында бир жылдан бери топтолгон стресстен арылууга, ден соолукту чыңдоо жана психологиялык жактан жеңилденүүгө ыңгайлуу болуп эсептелинет [4].

Кыргызстанда мындай айыл туризминин өнүгүшү эмне берет? Биринчиден, айылдык туризмди өнүктүрүү экологиялык кырдаалга, ошондой эле аймактын транзиттик позициясына жараша аймакта кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү эс алуу мүмкүнчүлүгүн түзөт. Айылдык туризмди өнүктүрүүнүн пайдасына төмөнкү фактор эсептелинет: айылдык туризм убактылуу турак-жай менен камсыз кылуунун альтернативүү жолу катары каралат. Аны уюштуруу үчүн минималдуу чыгымдар негизги факторлордун бири болуп саналат. Учурда бул туризмдин түрүн өнүктүрүүгө тиешелүү социалдык базаны түзүү гана эмес, экономикалык өбөлгөлөр да көмөктөшөт. Айыл чарбаны өнүктүрүүнүн азыркы этабында туризм жашоо тиричилиги болуп саналып, айыл жеринде жумушсуздуктун кыскарышына, айыл чарба продукцияларына суроо-талаптын өсүшүнө алып келет. Дүйнөлүк деңгээлде айыл туризминин жалпы концепциясы, же болбосо терминологиялык биримдиктин жоктугуна карабастан, бир катар жалпы кабыл алынган принциптер жана ыкмалар бар. Ар кандай максаттарды жана милдеттерди көздөгөн жана аларга багытталган, конкреттүү шарттарга ылайык иштелип чыккан өлкөлөрдүн түрдүү топторунда практикаланган айылдык туризмдин бир нече башка-башка концепциялары бар экендигин атоого болот. Ошол эле учурда көптөгөн өлкөлөрдө айыл туризми улуттук туризм индустриясын өнүктүрүүнүн алдыңкы багыттарынын бири катары каралып, туризмди өнүктүрүүнүн улуттук концепцияларында чагылдырылган. Эл аралык (негизинен европалык) практика көрсөткөндөй, чакан үй-бүлөлүк мейманкана бизнеси түрүндөгү айылдык туризмди өнүктүрүү айыл чарба калкынын бир бөлүгүн өндүрүш тармагынан тейлөө чөйрөсүнө которуунун негизги социалдык-экономикалык программасы болуп саналат. Анын милдети жергиликтүү экономиканын жаңы конкреттүү секторун уюштуруу аркылуу айыл чарба аймактарын жана алардын калкын өнүктүрүүгө түрткү берүү болуп саналат. Экономикалык саясаттан тышкары мындай мамлекеттик саясат социалдык жана социалдык-маданий максаттарды да көздөйт. Айыл жеринин деградациясын, калктын агылып кетишин жана терс социалдык көрүнүштөрдүн өсүшүн токтотуу, маданий мурастарды, улуттук өзгөчөлүктү сактоо жана жарым-жартылай кайра жаратууга багытталат [4].

Жалпысынан элет жериндеги турак-жай фондусу комфорттун жогорку деңгээлине ээ болгон маанилүү фактор болуп саналган «биринчи» жана «экинчи толкундун» Европа өлкөлөрүндө айыл туризминин концепциясы биринчи кезекте үй чарбачылыгын пайдаланууга негизделген. Жайгаштыруу жана туристтик ресурстар катары жалпы жергиликтүү жамааттар (айылдык жана жакынкы шаарлар) эсептелинет. Андыктан, Европадагы айыл туризминин үстөмдүк кылган концепциясы жогоруда сөз кылган моделдин негизинде айыл аймактарында чакан үй-бүлөлүк мейманкана бизнесин өнүктүрүүгө багытталат. Бул моделди ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй зарыл шарттарды болжолдойт: айыл жеринде (анын ичинде, же чакан шаарларда) бекер же шарттуу түрдө бекер турак жай фондунун болушу; бул турак жай фондусунун жетишерлик жогорку деңгээлдеги ыңгайлуулугу жана жакшы абалы (эреже катары, бул автономдуу камсыздоо системасы менен жеке үйлөр); агротуристтик чарбаларды системалуу мамлекеттик колдоо; айылдык туризмди тейлөө тармагы катары колдоо боюнча саясий чечим кабыл алуу; уюштуруучулук колдоо: системалык жардам көрсөтүүчү жана туризм индустриясынын аталган секторун уюштуруучу атайын түзүмдөрдү түзүү, ошондой эле виртуалдык мейкиндикте ири

масштабдуу айылдык туризм рыногун түзүүгө мүмкүндүк берүүчү маалыматтык технологияларды киргизүү; бардык субкластер боюнча маалымат базалары бар порталдарды колдогон айылдык туризм субъекттеринин ассоциацияларын уюштурууга көмөктөшүү; улуттук жана региондук агротуристтик продуктыларды илгерилетүү боюнча ченемдик-укуктук (тиешелүү мыйзамдарды жана мамлекеттик программаларды кабыл алуу) жана маалыматтык-жарнамалар менен камсыздоо; финансылык колдоо (айылдык туризм субъекттерин жеңилдетилген кредиттөө же субсидиялоо системасы) сыяктуу маанилүү иш аракеттерди өз ичине камтыйт. Жогорудагы сөз кылынган модель «үчүнчү толкун» аталыштагы өлкөлөрдө үлгү катары алынган. Анын ичинде Литва жана Польша да бар. Аларда эреже катары Батыш Европадагыдай комфорттук деңгээлдеги турак-жай фондусу жок. Ошол эле учурда ал Европа өлкөлөрүнүн үлгүсүндө агротуризм секторун «жогорудан» куруу боюнча мамлекеттик программалары бар: борбордук бийликтин деңгээлинде айылдык туризмдин мамлекеттик колдоо саясаты жана аны менен байланышкан программалары, жеңилдиктер системасы боюнча чечимдер кабыл алынган. Туристтерди кабыл алуу максатында турак жайларды реконструкциялоо жана ал үчүн айылдык туризм субъекттерин кредиттик камсыз кылуу, субъекттердин улуттук бирикмелеринин агротуристтик бизнестердин уюштурулушу, баштапкы этапта маалыматтык технологияларды киргизүүдө алар колдоого алынган [2; 3].

Ошондуктан айылдык туризмдин кандайдыр бир моделин (багытын) ишке ашыруу үчүн региондо туристтик ресурстардын болушунан тышкары, айыл жергесинде жайгаштыруу объектилерин өнүктүрүү принципиалдуу мааниге ээ. Бул айыл жеринде же шарттуу түрдө эркин кожоюндарда (мүлктөр, коттеджер, чатырлар үчүн турак жайлардын аймагындагы участоктор, кээ бир өлкөлөрдө - айылдык сарайлардын тарыхый имараттары, монастырлар ж.б.) болушун билдирет. Аларда алгач мындай шарттар түзүлбөгөндүгүн белгилеп кетүү максатка ылайык. Туристтердин жайгашуусуна ылайыктуу болуу үчүн атайын агротуристтик объекттердин болуусу («улуттук айылдар», «аңчылар/балыкчылардын үйлөрү», «маданий борборлор», «агропарктар», кемпингдерди куруу ж.б.), айылдык мейманканалардын функциясын аткарат. Дүйнөдө айыл туризминин бир нече моделдерин ишке ашыруу боюнча практикалык тажрыйбалар бар.

Аларды төмөнкүдөй топторго бөлүүгө болот:

а) Чакан үй-бүлөлүк мейманкананын негизинде агротуризм бизнесин өнүктүрүү. Бул модель айыл калкын чарба өндүрүшүнөн кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө көтөрүү боюнча мамлекеттик саясатты расмий ишке ашырууну камтыган бир нече концепциялардын алкагында ийгиликтүү ишке ашырылат. Башкача айтканда, улуттук деңгээлде комплекстүү социалдык системаны кабыл алуу шартында айыл аймактарын колдоого багытталган экономикалык стратегия болмокчу. Бул стратегиянын курамдык бөлүктөрүнүн бири болуп, учурдагы шарттардын негизинде жайгаштыруу объектилеринин (жеке, микро-мейманканалардын) тармагын өнүктүрүүнү колдоо болуп саналат. Буларга кошумча турак-жай фондусунун айылдык аймактары жана айыл чарба (фермерлер, балчылык, балык чарбасы ж.б) эсептелинет.

б) Айыл жергесинде ири жана орто, жеке агротуристтик объектилерди куруу: Стандартка жооп берген «агротуристтик айылдар» түрүндөгү адистештирилген жеке мейманканалар, маданий-этнографиялык борборлор ж.б. (комфорттун деңгээли төмөнкү өлкөлөр үчүн мүнөздүү) айыл жеринде турак-жай фондусунда, бирок туристтик потенциалы жакшы. Ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн бул модель биринчи кезекте инвестициялык ресурстарды - жергиликтүү да, тышкы да, ошондой эле аймактык жана элеттик деңгээлдеги тиешелүү долбоорлорду колдоону талап кылат.

в) Мамлекеттик (же көбүнчө жеке менчик) агропарктарды түзүү. Мындай моделге негизделген концепцияда туризм индустриясын өнүктүрүүдөн тышкары, белгилүү бир өлкөнүн айыл чарбасынын жетишкендиктерин жайылтуу жана жарыялоо. Ошондой эле практикалык көндүмдөрдү сактоо, улуттук (салттуу) айыл чарба өндүрүшүнүн техникасын пайдалануу ыкмаларын өздөштүрүү маанилүү маселелерден. Дүйнөлүк практикада мындай моделди ишке ашыруу программасы, адатта айыл чарбасын өнүктүрүүгө жооптуу департамент тарабынан көзөмөлдөнөт (туризм тармагынан сырткары). Көп функционалдуу борборлор болуп, мамлекеттик агропарктар бир эле учурда илимий-изилдөө жана селекциялык иштерди жүргүзө алат. Ошол эле учурда туристтик оюн-зоок жайлары жана туруктуу көргөзмө-экспозициялык борборлор катары да каралат. Дүйнөлүк практикада иш жүзүндө ишке ашырылып жаткан айыл туризминин концепциялары экономикалык (коммерциялык) аспектиден тышкары белгилүү бир идеологиялык жүктү аркалай алат. Эреже катары, айылдык туризмди өнүктүрүү социалдык-маданий маселелерди чечүү менен (улуттук жана этномаданий мурастарды сактоо, табигый жана тарыхый-маданий чөйрөнү, архитектуралык-тарыхый мейкиндикти сактоо, салттуу баалуулуктарды кайра жаратуу жана жайылтуу жана жашоо образы ж.б.) көзөмөлдөнөт. Ал эми практикалык жактан чечүүдө жергиликтүү жамааттар жетектөөчү роль ойнойт [2].

Акыркы убакта Европанын бир катар өлкөлөрүндө туризмди өнүктүрүүнүн улуттук концепцияларын иштеп чыгууда экологиялык жана агротуризмдин ар кандай багыттарын өнүктүрүүдө аймактык өз алдынча башкаруунун, жергиликтүү жамааттардын ролу жогорку деңгээлде жана өзгөчө белгиленип жатат.

Дүйнөлүк практикадан белгилүү болгондой, туризм индустриясынын сектору катары агротуризмдин ийгилиги төмөндөкүдөй факторлор менен камсыз кылынат: микроэкономикалык деңгээлдеги моделдин жогорку экономикалык эффективдүүлүгү; туристтик продуктуну өндүрүүдө чыгымдардын жогорку эффективдүү структурасы; туристтик продукциянын башка, кымбатыраак жана жогорку түрлөрүнө салыштырмалуу төмөн бааны. Демек, анын жогорку атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылат. Ошол эле учурда, ал VIP кардарлардын эң жөнөкөй суроо-талаптарына чейин туристтик кызматтардын пакетин өзгөртүүгө мүмкүндүк берет. Анын микроэкономикалык моделине камтылган баа-сапат боюнча туристтик продуктунун жогорку атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү артат. Тактап айтканда, ал даректүүлүк, ийкемдүүлүк жана татаалдыктын бардык заманбап талаптарына жооп берет. Агротуристтик бизнести заманбап уюштуруу туризм индустриясынын башка секторлоруна салыштырмалуу бааларды атаандаштыкка жөндөмдүү кармап турууга мүмкүндүк берет (агротуризм секторунда жайгаштыруу баасы мейманкана секторуна караганда төмөн); модель кеңири социалдык катмардын - орто класстын керектөөлөрүн канааттандырат (анын жашоо образынын жана керектөөлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен), бул айылдык туризм секторунда туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык рыногунда төлөөгө жөндөмдүү суроо-талаптын ыраатуу жогорку деңгээлин камсыз кылат. Айылдык туризмдин заманбап концепциялары туристтик кызматтардын пакетин жекелештирүү жана үй-бүлөлүк чакан топтук туризмдин өсүшүнө карай пайда болгон тенденцияны эске алат. Бул багытты туризм индустриясынын өнүккөн секторуна айландыруунун негизги фактору болуп региондук жана борбордук бийлик органдарынын саясий колдоосу маанилүү болуп саналат. Бул дүйнөлүк тажрыйба менен далилденген. Ошондой эле заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу, электрондук маалымат базаларын түзүү жана интерактивдүү порталдарды пайдалануу максатка ылайык келет. Кыргызстанда айылдык жана экологиялык туризм рыногу өзүнүн өнүгүүсүнүн баштапкы этабында турганына карабастан, акыркы он жылдын ичинде бул жаатта өлкөбүздүн айрым аймактарында бир топ оң тажрыйбалар топтолгон. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда агротуризмди өнүктүрүүдө уюштуруучулук милдетти областтык администрациялар өз мойнуна алууда. Айтмакчы, бул «биринчи толкундун» өлкөлөрүндө да болгон. Аларда адегенде аймактык деңгээлде чечимдер, тиешелүү мыйзамдар жана программалар кабыл алынып, андан кийин агротуризм демилгеси колдоого алынып, мыйзамдуу түрдө мамлекеттик органдар тарабынан таризделет. Кыргызстандын бир катар аймактарында каржылоонун жана мамлекеттик колдоонун жетишсиздиги сыяктуу көйгөйлөр эми гана чечилип жатат. Бирок алгылыктуу мисалдарды белгилөөгө болот.Эң негизгиси бул жаатка кызыккан облустук администрациялардын саны жыл сайын көбөйүүдө.

Мисалы, «Нарын облусун 2022-2026-жылдарга карата өнүктүрүү стратегиясында» айыл туризми артыкчылыктуу багыт катары жарыяланган [1].

Акыркы жылдары Кыргызстанда айылдык жана экологиялык туризмди өнүктүрүү боюнча ондогон долбоорлор ишке ашырылган. Алардын демилгечилери болуп облустук жана муниципалдык бийлик органдары, эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдар, анын ичинде туризм субъекттеринин ассоциациялары жана бирикмелери, туристтик бизнес, өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары, активдүү жергиликтүү тургундары тартылышкан.

**Адабияттар:**


1. Нарын облусун 2022-2026-жылдарга өнүктүрүү программасы. - Нарын, 2022. - 48-б.
2. The benefits of agritourism: Two case studies in the Western Cape. By Chantell van Nieker. March 2013 Copyright © 2013 Stellenbosch University. - 385 p.
3. Agri tourism farm and farm stay / (PDF) (researchgate.net)
4. Кирүү режими: / https://www.e-unwto.org/doi/book/10.18111 / 97892844221
5. Байсеитова М.Р., Абышова А.Ж., Кожокулов С.С. Роль охраняемых территорий в туризме кыргызстана. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 4. С. 156-157.
6. Толонов Э.Н. Современное состояние развития бизнеса регионального туризма. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2015. №. 6. С. 76-78